Мевлүт ГҮЛТЕКИН
Кыргыз-түрк “Манас” университети

# КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ БУЙРУК-КААЛОО ЫҢГАЙЫ

Буйрук-каалоо ыңгайы түрк тилдеринде байыртадан бери колдонулат. Ыңгайдын бул формасы этиштик негизге жак категориясы боюнча ар башка формада келген мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалат. Буйрук ыңгайды түзүүчү мүчөлөр бир эле учурда ыңгайдын жактык маанисин да туюндурат [9: 703].

Биз бул эмгегибизде түрк тилинин огуз группасындагы түркия тилиндеги жана кыпчак группасынын кыргыз тилиндеги буйрук-каалоо ыңгайын изилдеп, анын эки тилдеги морфонологиялык жана колдонулуу өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүү менен, түрк тилдери боюнча жүргүзүлгөн салыштырма изилдөөлөргө аз да болсо өз салымыбызды кошууну максат кылдык.

Бул ыңгай – сүйлөөчүнүн угучууга, же болбосо угуучу аркылуу үчүнчү жакка буйрук иретинде айтылган ойду билдирет, [3: 415].

Түркия түркологу А.Б.Эржиласун буйрук-каалоо ыңгайынын 1- жагынын жекелик жана көптүк түрүн да буйрук ыңгай деп эсептейт [10: 3-9].

Башка ыңгай формаларында, ыңгай жана жактык маани өз-өзүнчө морфемалардын жардамы менен берилсе, буйрук-каалоо ыңгайда булар бир эле морфеманын жардамы менен туюнтулат.

Түрк тилинде байыркы түрк доорунан бери аталган ыңгайдын туюндурулушунда ар бир жак үчүн өз-өзүнчө мүчөлөр колдонулган.

Түркия түркчөсү жана кыргыз тилинде колдонулган буйрук-каалоо ыңгайдын мүчөлөрү төмөнкүлөр:

| | түркия тили | кыргыз тили |
|---|---|---|
| Жекелик 1-жак | -(й)айым, -(й)ейим | -йын, -йин, - йун, -йүн, -айын, -ейин, -ойун, -өйүн |
| Жекелик 2-жак | Ø<br>-сана, -сене | Ø<br>-гын, -гин, -гун, -гүн, -кын,-кин, -кун, -күн, -(ы)ңыз, -(и)ңиз, -(у)ңуз, -(ү)ңүз |
| Жекелик 3-жак | -сын, -син, -сун, -сүн | -сын, -син, -сун, -сүн |
| Көптүк 1-жак | -(й)алым, -(й)елим | -йлы, -йли, -йлу, -йлү, -алы(к), -ели(к), -олу(к), -өлү(к) |
| Көптүк 2-жак | -(й)ын, -(й)ин, -(й)ун, -(й)үн, -(й)ыныз, -(й)иниз, -(й)унуз, -(й)үнүз, -саныза, -сенизе | -гыла, -гиле, -гула, -гүлө, -кыла, -киле, -кула, -күле, -(ы)ңыздар, -(и)ңиздер, -(у)ңуздар, -(ү)ңүздөр |
| Көптүк 3-жак | -сын(лар), -син(лер), -сун(лар), -сүн(лер) | -(ш)сын, -(ш)син, -(ш)сун, -(ш)сүн |

Кыргыз тилинде буйрук ыңгайдын 1-жак жекелик саны үндүүлөрдөн кийин *-йын, -йин, - йун, -йүн,* үнсүз тыбыштардан кийин *-айын, -ейин, -ойун, -өйүн* мүчөлөрүнүн жардамы менен уюшулат. Мисалы: *баштайын, иштейин, окуйун, төлөйүн, барайын, болоюн, күлөйүн* [8: 235].

Түркия тилинде буйрук ыңгайдын 1-жак жекелик саны үндүүлөрдөн кийин *-(й)айым, -(й)ейим,* үнсүз тыбыштардан кийин *–айым, -ейим* мүчөлөрүнүн жардамы менен

жасалат. Мисалы: *башлайайым, беклейейим, гелейим, калайым.*

Буйрук ыңгайдын 2-жак жекелик саны кыргыз тилинде:

а) Ø морфема менен курулат. Б.а., тубаса же болбосо туунду этиштик негиз буйрук ыңгайдын 2-жак жекелик санын билдирет.

Кыргыз тилинде 2-жак жекелик сандын мүчөсү;

б) -гын, -гин, -гун, -гүн, -кын,-кин, -кун, -күн

Сылык формасы:

в) -(ы)ңыз, -(и)ңиз, -(у)ңуз, -(ү)ңүз мүчөлөрү менен жасалат

а) Этиштик туунду формалар буйрук ыңгайынын кызматын аткарат: *оку, жаз, бүт, бол,* ж.б.

б) Этиштерге –гын мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалат. Бул мүчө менен берилген форма одоно буйрук маанилик оттеногун чагылдырат. Мисалы: *бар-гын, кел-гин, бол-гун, кат-кын, бүт-күн,* [1: 368].

Ал эми кыргыз тилиндеги –гын формасы менен уюшулган буйрук ыңгай формасына –ың мүчөсү жалганса (-гының), буйрук маанисинин күчөтүлүп берилиши чагылдырылат. Мисалы: *Сен сөзсүз баргының, барбасаң болбойт. Эч жакка кетпегиниң.* Бул мүчө түркмөн тилинде да кездешет. Мисалы: *гөр-гүнүң, болгунуң* ж.б. [1: 370]

Буйрук ыңгайдын 2-жак жекелик саны түркия тилинде:

а) Башка түрк тилдериндегидей жана кыргыз тилинде болгон сыяктуу эле, Ø морфема менен уюшулат. Б.а., тубаса же туунду этиштик негиз буйрук ыңгайдын 2- жак жекелик санын билдирет.

б) Буйрук ыңгайдын 2-жак жекелик саны ошол эле учурда –сана, -сене мүчөлөрүнүн жардамы менен уюшулат.

Кыргыз жана түрк тилинде буйрук ыңгайдын 3-жак жекелик саны –сын мүчөсүнүн жардамы менен уюшулат. Мисалы: *алсын-alsın, иштесин – ишлесин, учсун, көрсүн – гөрсүн* ж.б.

Кыргыз тилинде буйрук ыңгайдын 1-жак көптүк саны үндүү тыбыштардан кийин –йлы(к) формасында, ал эми үнсүз тыбыштардан кийин –алы(к) формасында кездешет. Бул мүчө үндөштүк мыйзамына баш иет. –йлы мүчөсү, эринсиз үндүү менен бүткөн этиштерден кийин эринсиз үндүү, эринчил үндүү менен бүткөн этиштерден кийин эринчил үндүү жалганат. –алы(к) мүчөсү эринсиз үндүүлөр менен уюшулган жана ал у үндүүсү менен бүткөн этиш сөздөрдөн кийин эринсиз, о, ө, ү, үндүү тыбыштардан уюшулган этиш сөздөрдөн кийин эринчил үндүү болуп өзгөрөт. *Баштайлы, окуйлу, иштейли, алалы, билели, учалы, бололу, көрөлү, күлөлү* [9: 733].

Түркия тилинде буйрук ыңгайдын 1-жак көптүк саны үндүүлөрдөн кийин –йалым, -йелим, үнсүз менен аяктаган сөздөрдөн кийин –алым, -элим формасында колдонулат: *башлайалым, билелим.*

Кыргыз тилинде буйрук ыңгайдын 2-жак көптүк саны –гыла, -гула мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалат. Бул мүчөнүн составындагы –гыл,- гил байыркы жазма эстеликтерде колдонулган буйрук ыңгайдын мүчөсү болушу мүмкүн. Үндүү тыбыш жана жумшак үнсүздөр менен аяктаган этиштерге –гыла, -гиле, -гула,- гүле формалары жалганса, каткалаң үнсүздөр менен аяктаган этиштерге – кыла, -кула, -киле, -күле варианттары жалганып, буйрук ыңгайдын 2-жак көптүк саны уюшулат.

Кыргыз тилинде буйрук ыңгайдын 2-жак көптүк түрүнүн сылык формасы –(ы)ңыздар, -(и)иңиздер, -(ү)ңүздөр мүчөлөрү аркылуу уюшулат. Үндүү менен аяктаган этиш сөздөргө -ңыздар, -ңиздер, -ңүздөр, -ңуздар формалары жалганса, үнсүз менен аяктаган этиш сөздөргө бул мүчөлөрдүн үндүү тыбыштагы варианттары жалганат; -(и)иңиздер, -(ү)үңүздөр) *башта-ңыздар, иште-ңиздер, оку-ңуздар, төлө-ңүздөр, алы-ңыздар, кели-ңиздер, туру-ңуздар, көрү-ңүздөр* [8: 236].

Түркия тилинде буйрук ыңгай 2-жак көптүк саны –(й)ын, -(й)ин, -(й)ун, -(й)үн; -(й)ыныз, -(й)унуз, -(й)иниз, -(й)үнүз мүчөлөрү менен жасалат. Үндүү менен аяктаган этиш сөздөргө -йын, -йин, -йун, -йүн, -йыныз, -йиниз, -йунуз, -йүнүз мүчөлөрү, ал эми үнсүз менен аяктаган этиш сөздөргө -ын, -ин, -ун, -үн; -ыныз, -иниз, -унуз, -үнүз мүчөлөрү жалганат. Көп морфемалуу формалар сылык формалар болуп эсептелет. Мисалы: *башлайын(ыз), беклейин(из), алын(ыз), верин(из), гөрүн(үз)* ж.б.

Түркия тилинде буйрук ыңгайдын 2-жак жекелик саны –саныза, -сенизе мүчөлөрү менен жасалат жана бул форма көбүнчө оозеки сүйлөшүү тилинде колдонулат. Мисалы: баксаныза, гелсинизе.

Буйрук ыңгайдын 3-жак көптүк саны кыргыз жана түрк тилинде –сын, -син, -сун, -сүн мүчөлөрү аркылуу уюшулат. Кыргыз тилинде буйрук ыңгайдын 3-жак көптүк санынан кийин кош мамиле мүчөсү –ыш кошулуп уюшула берет. Ал эми түркия тилинде да буйрук ыңгайдын 3-жак көптүк саны –сын мүчөсүнөн кийин –лар мүчөсүнүн жалганып келиши менен жасалат. Мисалы: алсын-алсынлар, гелсин-гелсинлер, кыргыз тилинде: *алсын-алышсын, барсын-барышсын ж.б.*

Буйрук ыңгайдын терс формасы кыргыз тилинде –ба- терс маани жасоочу мүчө аркылуу жасалат. Бул мүчө тубаса же болбосо туунду этиштик негиз менен жак мүчөлөрдүн арасына келет. Мисалы*: ал-ба-гын, ач-па-гын, күт-пө-гүлө* ж.б. Түркия тилинде буйрук ыңгайдын терс формасы –ма мүчөсүнүн этиштик негизден кийин жана ыңгай мүчөсүнөн мурун келиши менен уюшулат; *ал-ма-йын, ач-ма-йын,* ж.б.

Кыргыз тилинде буйрук ыңгайдын суроолуу формасы ыңгай мүчөсүнөн кийин –бы мүчөсүнүн жалганышы аркылуу уюшулат: *айт-айын-бы, ич-син-би;* Түркия тилинде бул ыңгайдын суроолуу формасы ыңгай мүчөсүнөн кийин –мы мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалат: *ал-айым мы*, *ал-ма-йалым мы*, *гел-син ми*, *башла-сын-лар мы* ж.б.

А) **Морфонологиялык жактан салыштыруу**:

1. Буйрук-каалоо ыңгайдын 1-жак жекелик саны кыргыз тилинде –(а)йын, түркия түркчөсүндө -(й)айым мүчөлөрү аркылуу берилет. Кыргыз тилиндеги буйрук-каалоо ыңгайынын бул мүчөсү байыркы түрк тилинде тыбыштык составын өзгөртпөй сактап калган. Ал эми түркия түрк тилинде -н> –м тыбыштык өзгөрүүсү болгон. Кыргыз тилинде үндүү менен аяктаган этиш сөздөргө буйрук-каалоо ыңгайдын мүчөсү –йын түрүндө жалганса (мисалы: *башта-йын*), түркия тилинде бул ыңгайдын мүчөсү –йайым түрүндө жалганат (мисалы: *башла-йайым*). Түркия тилинде мүчөнүн башындагы “йа” мүчөсү ашыкча колдонулуп калган.

2. Буйрук-каалоо ыңгайдын 2-жак жекелик саны кыргыз тилинде да, Түркия тилинде да мүчөсүз туюндурулат (мисалы: *башта, ал* ж.б.). Ал эми кыргыз тилиндеги буйрук-каалоо ыңгайдын 2-жак жекелик санынын сылык формасын билдирген –(ы)ңыз морфемасы түркия түркчөсүндө да колдонулат. Кыргыз тилинде үндүү менен бүткөн этиш сөздөргө бул мүчө -ңыз түрүндө, түркия түркчөсүндө -йыныз түрүндө колдонулат. Ал эми кыргыз тилиндеги буйрук-каалоо ыңгайдын 2-жак жекелик санында колдонулган –гын мүчөсү түркия тилинде колдонулбайт.

Кыргыз тилиндеги –гын(ың) мүчөсүнүн аткарган кызматы жагынан түркия тилиндеги -сана мүчөсү дал келет (мисалы, кыргыз тилинде: *кел-гин*, түркия тилинде: *гел-сене*)

Буйрук-каалоо ыңгайынын 3-жак жекелик саны кыргыз жана түрк тилдеринде бирдей –сын мүчөсү менен жасалат.

Буйрук ыңгайдын 1-жак көптүк саны кыргыз тилинде –(й / -а)лык, түркия тилинде -(й)алым мүчөлөрүнүн жардамы менен берилет.

Кыргыз тилинде колдонулган 2-жактын көптүк санындагы буйрук ыңгайдын –гыла формасы түркия тилинде колдонулбайт. Түркия тилинде жекелик жана көптүк санда бирдей колдонулган сылык форманы туюндуруучу –йын, -йыныз мүчөлөрүнүн биринчиси кыргыз тилинин бир гана түштүк диалектилеринде колдонулат. Ал эми экинчи форма буйрук ыңгайдын 2-жак көптүк санында колдонулат. Түркия тилинде: *башла-йыныз* (жекелик жана көптүк сандагы 2-жак.) – кыргыз тилинде: *башта-ңыз* (жекелик сан 2-жак) болот.

Кыргыз тилиндеги буйрук-каалоо ыңгайынын 2-жак көптүк саны үчүн колдонулган –(ы)ңыздар (-ын-ыз-лар) морфемасы түркия тилинде колдонулбайт.

Ал эми түрк тилинде буйрук-каалоо ыңгайдын 2-жак көптүк санын туюндурууда колдонулган жана шарттуу ыңгайдын формасына –а морфемасынын жалганышы аркылуу жасалган –саныз формасы кыргыз тилинде кездешпейт.

Буйрук-каалоо ыңгайдын 3-жак көптүк санын туюндурууда кыргыз тилинде да, түрк тилинде да 3-жактын жекелик санында колдонулган –сын мүчөсү колдонула берет. Бирок кыргыз тилинде буйрук-каалоо ыңгайдын 3-жак көптүк саны кош мамиленин мүчөсү жалганган этиштик негизге – сын мүчөсүнүн жалганышы аркылуу туюндурулса, түркия тилинде -сын жана –лар мүчөлөрү бириккендеги –сынлар формасы колдонулат (мисалы түркия түркчөсү: *ал-сынлар*, кыргыз тилинде: *ал-ышсын*).

Кыргыз тилинде буйрук-каалоо ыңгайынын бардык жагына –чы мүчөсү жалганып келе берет. Бирок бул мүчө түрк тилинде колдонулбайт.

Б) **Аткарган кызматы жагынан салыштыруу**

Кыргыз жана түрк тилдеринде буйрук ыңгайдын 1-жак көптүк жана жекелик санын туюндурган мүчөлөр каалоо маанисин да билдирет (мисалы: түркия тилинде: *башла-йайым*, кыргыз тилинде: *башта-йын*, түркия тилинде: *башла-йалым*, кыргыз тилинде: *башта –йлы(к))* [4: 193].

Ал эми 2-жактын көптүк жана жекелик санын туюндурган мүчөлөр түрк жана кыргыз тилинде сүйлөөчүнүн угуучуга карата айткан буйругун билдирет (мисалы: түркия тилинде: *башла*, кыргыз тилинде: *башта*, түркия тилинде: *башла-йын*, кыргыз тилинде: *башта-гыла*, *башта-ңыздар*, түркия тилинде: *башла-ма*, кыргыз тилинде: *башта-ба*, түркия тилинде: *гел-ме-сене* , кыргыз тилинде: *кел-бе-гин* ж.б.).

Кыргыз жана түрк тилинде буйрук-каалоо ыңгайдын 2-жак жекелик жана көптүк санындагы маани сылык формада да берилет. Буйрук-каалоо ыңгайдын сылык формасын уюштурууда кыргыз тилинде –гын, -чы, -гыла, -ыңыздар сыяктуу мүчөлөр колдонулса, түркия тилинде -(й)ыныз, -саныза мүчөлөрү колдонулат.

Буйрук-каалоо ыңгайынын 3-жак көптүк саны кыргыз тилинде –ышсын, түрк тилинде –сынлар колдонулат жана бул формаларга кыргыз тилинде *"үчүн"*, түрк тилинде *"ичин"*, жана ошондой эле түрк тилинде *"дийе"* кыргыз тилинде *"деп"* деген сөздөрдүн жалганып келиши аркылуу максат багыныңкы сүйлөм түзүүдө да колдонулат. Мисалы: кыргыз тилинде*: Колхозубуз мол түшүм алсын үчүн, биздин бригадаларыбыз өз ара мелдешке чыгышат* [2: 311]. Түркия тилинде *Бу гөмлеги она гийсин ичин / дийе вердим* [5: 138-139].

Түркия тилинде баш сүйлөмдөн кийин келүүчү ки байламтасынын жардамы менен же ки байламтасысыз курулган максат багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочунда буйрук-каалоо ыңгайы колдонулса, кыргыз тилинде ки байламтасы кездешпейт.

Түркия түркчөсүндө *Yavaş yürüyelim (ki) bize yetişsin - Акырын басалы, ал бизге жетсин.*

Түркия түркчөсүндө *Biraz yavaş yürüsünler (ki) biz onlara yetişelim – Бир аз акырын басышсын, биз аларга жетели.*

Түркия тилинде буйрук-каалоо-ыңгайынын 3- жак жекелик жана көптүк санында берилген оң маани (мисалы түрк тилинде: *не кадар чалышырса чалышсын*) кыргыз тилинде терс форма аркылуу берилет (мисалы: *Канчалык аракет кылбасын*).

Буйрук-каалоо ыңгайлары кыргыз жана түрк тилдеринде каалоо, буйрук, тыюу салуу сыяктуу маанилик оттеноктордон башка дагы сурануу, тилек кылуу, каргыш, ыраазычылык ж.б. маанилерде колдонула берет [7: 665-676; 3: 416-418]. Кыргыз жана түрк тилдериндеги буйрук этиштин оң маанисинин жакталышы:

| | түркия тилинде | кыргыз тилинде |
|---|---|---|
| Жекелик 1-жак | башлайайым | баштайын |
| Жекелик 2-жак | башла<br>башласана | башта<br>баштагын<br>баштаңыз |
| Жекелик 3-жак | башласын | баштасын |
| Көптүк 1-жак | башлайалым | баштайлы<br>баштайлык |

| | | |
|---|---|---|
| Көптүк 2-жак | башлайын<br>башлайыныз<br>башласаныза | баштагыла<br>баштаңыздар |
| Көптүк 3-жак | башласын<br>башласынлар | баштасын<br>башташсын |

Кыргыз жана түрк тилдериндеги буйрук этиштин терс маанисинин жакталышы:

| | түркия түркчөсү | кыргыз түркчөсү |
|---|---|---|
| Жекелик 1-жак | башламайайым | баштабайын |
| Жекелик 2-жак | башлама<br>башламасана | баштаба<br>баштабагын<br>баштабаңыз |
| Жекелик 3-жак | башламасын | баштабасын |
| Көптүк 1-жак | башламайалым | баштабайлы<br>баштабайлык |
| Көптүк 2-жак | башламайын<br>башламайыныз<br>башламасаныза | баштабагыла<br>баштабаңыздар |
| Көптүк 3-жак | башламасын<br>башламасынлар | баштабасын<br>бaштaшбасын |

**Адабияттар:**


1. Давлетов, С., Кудайбергенов С. *Азыркы кыргыз тили*. - Фрунзе: Мектеп, 1980.
2. Жапаров А. *Кыргыз тилинин синтаксиси*. - Фрунзе: Мектеп, 1979.
3. Орузбаева Б. жб. *Азыркы кыргыз адабий тили*. - Бишкек: Авразия, 2009.
4. Садыков С., Сагынбаева Б. *Кыргыз&Түрк салыштырма грамматикасынын негиздери*. – Бишкек, 2010.
5. Levis G.N. *Turkish Grammer*. Oxford. New York: Oxford University Press. 1967.
6. Kornfield J., *Turkish*. London and New York: Routledge. 1997.
7. Korkmaz Z., *Türkiye Türkçesi Grameri*. Ankara: TDK: 827. 2003.
8. Kasapoğlu Çengel., *Kırgız Türkçesi Grameri*. Ankara: Akçağ. 2005.
9. Ercilasun A.B. vd. *Karşılaştırmalı Türk Lehçeleri Grameri*. Ankara: TDK: 878 2006.
10. Ercilasun A.B. Türkçede Emir ve İstek Kipi Üzerine. *Türk Dili*, s. 505.Ankara:TDK, 1994.